DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 3, 2023

*Медетов А.С.*

# БАЛДАР АДАБИЯТЫНЫН ТЕОРИЯЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

*Медетов А.С.*

# ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ВОПРОСЫ ДЕТСКОЙ ЛИТЕРАТУРЫ

*A. Medetov*

# THEORETICAL QUESTIONS OF CHILDREN'S LITERATURE

*УДК: 82-93:371.1/266.*

*Макалада эгемендүү Кыргызстандын акыркы отуз жылдагы тарыхында, коомдо чоң социалдык-экономикалык, саясий-маданий өзгөрүүлөр болгону тууралуу сөз болот. Билим берүү, маданият тармагы каржыланбай кризиске учурап, мына ушундай объективдүү процесстер балдарды тарбиялоого да тескери таасирин тийгизип жатканы баяндалат. Азыркы учурда сексен миңден ашык мигранттардын балдары эне-ата мээримин көрбөй чоңоюп жатат. Бул алардын турмушундагы чоң өксүктүк. Балдарга арналган адабиятта мына ушул жагдайлар чагылдырылып, камтылып жатабы? Алар ошол эне-атасын сагынып муңканган балдардын жан дүйнөсүнө таасир бере алабы? Ушул суроолорго макалада жооп изделет. Азыркы учурдагы балдар адабиятынын электен өткөрүү маселеси мына ушундай суроо-талаптан, муктаждыктан келип чыгып жатат. Келечек муундарды тарбиялоодо балдар адабияты чоң роль ойнойт, анын ал-абалын азыркы учурдагы проблемаларын изилдөө ушундай коомдук зарылдыктан улам келип чыгып жатат.*

***Негизги сөздөр:*** *коом, саясат, маданият, турмуш, экономика, өнөр жай, айыл чарба, система, кризис, өлкө.*

*В статье рассказывается о последних тридцати годах истории суверенного Кыргызстана, о больших социально-экономических, политико-культурных изменениях в обществе. Образование, сфера культуры находятся в кризисе из-за отсутствия финансирования, и такие объективные процессы оказывают негативное влияние на воспитание детей. В настоящее время дети более восьмидесяти тысяч мигрантов растут без родительской привязанности. Это большой минус в их жизни. Отражают ли эти ситуации и освещаются ли они в литературе для детей? Могут ли они повлиять на души детей, тоскующих по своим родителям? Автор статьи пытается ответить на эти вопросы. Проблема пересмотра современной детской литературы вытекает из этой потребности. Детская литература играет огромную роль в воспитании будущих поколений, изучение современных проблем ее становления обусловлено такой общественной необходимостью.*

***Ключевые слова:*** *общество, политика, культура, жизнь, экономика, промышленность, сельское хозяйство, система, кризис, страна.*

*The article talks about the significant socio-economic, political and cultural changes that have taken place in society, the history of independent Kyrgyzstan over the past thirty years. It is reported that the sphere of education and culture is in crisis due to lack of funding, and these objective processes have a negative impact on the upbringing of children. Currently, more than eighty thousand migrant children are growing up without the love of their parents. This is a lot of damage to their lives. Is this situation reflected in children's literature? Can such situations affect the souls of children who yearn for their parents? The author of the article tries to answer these questions. The problem of revising contemporary children's literature stems from this need. Children's literature plays an important role in the education of future generations, and the study of its condition and current problems is due to such a social need.*

***Key words:*** *society, politics, culture, life, economy, industry, agriculture, system, crisis, country.*

Кыргызстандын эгемендүүлүгүнө ээ болушу менен бирге коомдук-саясий, социалдык, маданий турмушунда кардиналдуу өзгөрүүлөр болуу менен бирге экономикада, өнөр жайда, айыл чарбасында системалуу кризис башталды. Элдин турмушу начарлап, социалдык кризис тереңдеп, маданий турмуш оорлоду. Өлкөдө каржы жагынан каатчылык башталгандыктан театрларда спектаклдер коюлбай үзгүлтүккө учурап, китепканалар, клубдар жабылып, иштебей таланып-тонолуп, мамлекеттик басмалар акча жогунан иштебей өз ишин токтотуп, китеп басып чыгаруу: балдар үчүн китептер, көркөм адабий, илимий, илимий-популярдуу адабияттар чыкпай калган. 1992-жылдын 5-мартында «Маданият жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамы «кабыл алынган. Мыйзамда маданиятка мамлекеттик бюджеттин 3 пайызын бөлүү каралган. Бирок каржылык каатчылыктан улам бул каражат маданият, адабиятка бөлүнгөн эмес.

Ушул сыяктуу уңгулуу коомдук көйгөйлөр балдар адабиятынын ургаалдуу өнүгүүсүнө тоскоол болгон. Ошондон улам 1990-жылдардын башында балдар адабияты негизинен элдик адабияттын үлгүлөрүнө таянып, балдар адабиятынын өнүгүүсүндө салттуулук принциби кармалган. «Азыркы учурдагы кыргыз балдар адабиятындагы проблемалар жана аны чечүүнүн жолдору» деген темадагы илимий-изилдөө ишин жүргүзүү үчүн акыркы отуз жыл ичиндеги кыргыз тилинде жарыяланган балдарга арналган китептер, «Байчечекей», «Жеткинчек» журналдарынын материалдары жыйналып, системага салынып, жанрларга бөлүштүрүлөт. Биринчи жылы балдар поэзиясына арналган ырлар, китептер, окуу китептерине кирген ырлар, аңгемелер, журналдардагы материалдар электен өткөрүлөт. Балдар поэзиясынын тематикасы, өнүгүү тенденциялары, жанрлык өзгөчөлүгү талданып, алгачкы жыйынтыктар чыгарылат. Ошондой эле балдар поэзиясындагы проблемалар электен өткөрүлүп, акыркы отуз жылда балдар поэзиясынын өнүгүүсүнүн эволюциясы аныкталат. Балдар поэзиясынын көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, тилдик айрымачылыктары такталат. Балдар поэзиясынын кайсы куракктагы балдарга арналгандыгы, алардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, дидактикалык мазмуну талдоолордо кеңири ачылып көрсөтүлөт.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Мындай жаңылыш пикирлерди өз учурунда төгүндөп А.Толстой «Балдар китептери кандай болушу керек?» деген макаласында мындайча жазган: «Жазуучу чыгармасын карандай гана балдар үчүн жазышы керек эмес, алардын түшүнүк деңгээлине чейин төмөндөп же өзү да кичинекей бала боло калымыш этип, тилин жалпактата көшөкөрлөнүп, тизе бүгө коймо жазуучуга бала иренжий түшөт... Кайсыл бир нерселерди бала түшүнбөй калбайт эле деп, абайлай берүү жарабайт, мейли ал анча-мынчасын түшүнбөй кала берсин, түшүнбөй калган учуру баланы чыгармачылыкка шыктандыруучу күч болуп эсептелет, түшүнбөгөндөрүн издеп үйрөнөт».

Ушул ойду ого бетер тастыктап, ого бетер тактап: «Балдардын жаш өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу маселеси - деп жазган С. Михалков – бизге чыгарманы артыкбаш жөнөкөйлөштүрүп жиберүүгө жол бербейт, тескеринче, ойдун ырааттуулугу менен стилдин жатыктыгын тилдин ийкемдүүлүгү менен элпектигин камсыздоого милдеттендирет».

Демек, балдар адабиятынын чоңдор адабиятынан болгон өзгөчөлүктөрү эч качан жеңил-желпи гана бир нерсе экендигинде эмес, тескерисинче, анын асылдуулугу менен ажарында, көп кырдуу балдар дүйнөсүнө уялап алган арийне машакаттуулугу менен алардын курак баскычтарында жашынып турган психологиялык комплекстердин татаал уюлу менен гаммаларында жатат эле десек арзыйт.

Ал машакаттар менен психологиялык комплекстер негизинен баланы курчап турган чөйрөсү менен ага карата болгон карым-катнашына, сезим туюндары менен элестетүү кудуретинин активдүүлүгүнө, кабыл алуу жана эске тутуу жөндөмүнүн сапаттуулугуна жайгашкан. Анткени окурман бала китептеги окуялар менен каармандардын жорук-жосундарына кандай мамиледе болду? Аларды кимдин даражасынан туруп талдоого жарады? Окуялар менен каармандардын жоруктарындагы окшош жана айырмалуу белгилерди салыштыруу аркылуу тийштирүүгө жарадыбы?

Иши кылып, таасирденүүнүн натыйжасы туюлабы же жокпу? Ой маңызы мына ошолордо турат. Дал ушул маселеге байланыштуу 8 жаштагы балдар менен 10 жаштагы балдардын жана 12 жаштагы балдар менен 14 жаштагы балдардын көркөм чыгарманын идеясын түшүнүүгө жана ойлоо аркылуу талдоого карата болгон конкреттүү мамилелерине келе турган болсок, иштин жайы белгилүү. Алардын ар биринин чыгармадагы образдар аркылуу чечмеленүүчү идеяга берген баасынан өлчөмү жалпы жана окшош белгилерине караганда, ар бирине мүнөздүү жалпылык жана кабылдоосундагы спецификалуулуктун өткөн учуру дал ушунда турат. Баланын бир жылдык, ал тургай бир күндүк өмүр ызааты чоң адамдардын ошол эле өмүр өлчөмү менен ылазатынан айырмаланат. Мисалы, мектептеги тестиерлер үчүн чейректер менен окуу жылдарынын аралыктарындагы дем алыш мөөнөттөрү аябай узакка созулгансып сезилет, ал зеригип кетет, мектебин сагынып калат, кусадар болот. Ал эми чоң адамдын бир күндүк же бир айлык дем алуу мөөнөтү болсо, көз ачып-жумганчалык нерсе, эч нерсеге үлгүрө албагансыйт, алымсынбай кала берет. Баланын бул жердеги ой-санаасы башкача. Ал тез жетилүүнү самайт, кезектеги жашын, айталы, он жаштан дароо эле он экиге секирип өтүүнү зарыгып көрөт, бир класс болбосо да бачымыраак өйдөлөгсү келет. Чоң киши болсо карып бараткансыйт, бала ошону каалагысы келбейт. Демек эки муундун өкүлдөрү өздөрүнүн өмүр өлчөмдөрүнө бирдей мамиледе болуша албагандан кийин, алар чөйрөдөгү ар кандай, өзгөчө көркөм идеяларды кабыл алуу жагдайларынан да айырмалап коюша алышпайт.

Ошондой эле, бала менен чон адам бир эле коомдо, бирдей шартта, ал тургай бир үйдө жанаша жашашканы менен, ар бири аларды эки башка даражарда кабыл алышат. Мына ошонун өзү биз үчүн ал экөө эки башка чөйрөдө, эки башка материкте жашап жатышкансып сезилет. Мунун дагы бир себеби бар. Бала дегениңис кыял-жоругу менен ой-санаасынан, каадасалты менен тулку-турпатын бизге салыштырмалуу баёо келет. Ал өз ата-энеси менен буюм-теримдерин бизден башкача кабыл алып, сүйүп, башкача даражада териштирет башкачараак баасын берет.

Ошондуктан анын көркөм чыгармага болгон мамилеси түшүнүгү дагы биздикинен өзгөчөлөнүп, маңыроо баёолугу жана э ң башкысы кабыл алуу сезимдеринин чектелүүлүгү, жетиле электиги менен мүнөздөлөт. Мына ушулардын баары жыйналып келип, чоң адамдар үчүн чыгарма жазууга караганда, балдар үчүн жазуу аябай машакаттуу келет, ал жазуучуга оор жүктү жүктөйт деген түшүнүктүү ырастайт. «Балдар үчүн китептердеги көркөм тилдин үстүндө иштөө тим эле азап, жан алкымдан кармайт, себеби баары тең кооз, кыска жана жөнөкөй, эң башкысы, жатык, ийкемдүүлүктүн айкашы күтүлөт» - деп бушайман чечет Л. Толстой.

Мына ушулар менен бирге, балдар жазуучулары дуушар боло турган кыйынчылыктардын дагы бир негизи бар. Балдардын купулуна толо турган чыгарма бериш үчүн, жазуучу өзүнүн балалык курагындагы тажрыйбасына көбүрөөк таянуу зарылчылыгы келип чыгат. Ал эми чыгарма жаралып жаткан учурдагы балдардын жорук-жосундарына таянуу же аларга эксперимент жасап көрүү авторду ийгиликтерге алып келе албайт. Өзүнүн балалык өлкөсүн аралайын десе, андан узакка алыстап кеткен, ал кездеги элестетүүлөрү менен кабыл алуу өлчөмдөрүн унутуп койгон. Демек бул себептердин баарын жетекчиликке алып, баш чайкап отуруп ала турган болсок, анда балдарыбыз арзый турган чыгарма жазып берүү дегенибиз жазуучуларыбыз үчүн башка планетанын балдарына чыгарма берүү керек дегенчелик татаалданган болор эле.

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



Бирок дасыккан жазуучулар ар кайсы курактагы балдар үчүн жагымдуу чыгармаларды берип келишкен жана мындан ары деле бере алышат. Жазуучуларыбызда андай мүмкүнчүлүктөр бар. Ал үчүн автор балдардагы руханий жана социалдык, ошондой эле, материалдык муктаждыктарга сүрөткердин даражасынан туруп терең үңүлөт. Мына ошол өлчөм ага негизги өбөлгөлөр гана эмес, чечүүчү факторлордон болуп кызмат кылат, сүрөткерлик чеберчилиги менен балдар жазуучусуна мүнөздүү жазуунун техникасынан, ошолорго ылайык келе турган көркөм каражаттардан пайдалунуу автор үчүн ийгиликтин ачкычын тапканга барабар.

Ал эми кайсыл курактагы балдар үчүн жазып жаткандыгын жазуучу бир саамга, да эстен чыгарбайт. Анткени балдардын курак баскычтары тургай, алардын социалдык чөйрөлөрү менен күндөлүк маданий деңгээлдери тынымсыз өсүп, өзгөрүп отурат. Ошондон улам жазуучу үчүн кыл курак баскычтарындагы балдардын кабыл алуу, ошол эле жөндөмдөрүн, жетекчиликке алуунун өзү аябай кымбатка турат. Себеби балдар дүйнөсүндөгү жылыштар менен өзгөрүүлөрдүн чеги бир кылка эмес. Өркөчтөнүп өсүп, улам таталданып отурат. Жазуучу алардын бирин таанып-билип алгычакты, экинчиси өсүп чыгып, кайсы бирөөлөрү эскирип же унут болуп кала берет. Байкоого караганда, балдардын курак баскычтарына карай бөлүштүрүү маселеси шарттуу белгилерине гана ээ десе болот. Анда илимий тактыкка караганда, божомол куруу көбүрөөк үстөмдүк кылат. Себеби баладагы курак белгилери анын анотомиялык-физиологиялык көрсөткүчтөрүн гана түзүп, бирок акыл-эс тараптан болгон өнүгүшүн так аныктап бере албайт. Мектепте бир эле класстын эки окуучусу бир эле көркөм чыгарма боюнча түшүнүктөрү үчүн эки башка өлчөмдөгү бааларга эгедер болушу буга күбө боло алат.

Анын үстүнө, адам баласы акыл-эстүүлүктүн бир баскычынан кезектеги баскычына өткөн кезде, бир материктен экинчи материкке өткөндөй болбой, тымызын жана туюксуз эле өткөн болот. Киши балалык баёолук сезиминен жетилүү курагына ооп өткөндүгүн өзү анчейин деле туйбайт, маани бере бербейт, белги койбой эле өтөт. Демек, дал ушул касиеттерди эсепке алганыбызда, балдар дүйнөсү жазуучу үчүн эмес, катардагы адамдар үчүн деле жат эмес көрүнүш болуп эсептелет.

Бирок балдарды курак баскычтарга бөлүштүрүү маселесин бир кыйла божомолдуу экендигине карабай туруп, жазуучу чыгармасын жазып жатканда, белгилүү бир курактагы балдардын тобун жана алардын мүмкүнчүлүктөрүн жетекчеликке албай коюшум мүмкүн эмес. «Балдар адабиятына келген автор окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн эсепке алып зарыл - деп жазат М. Горький – андай болбосо китеби талапкерин жоготуп, же балдарга, же чоңдорго жараксыз болуп кала берет».

Ошону менен бирге, азыркы балдарды курак баскычтарына карай бөлүштүрүүнүн дагы бир муктаждыгы бар. Бүгүнкү күндүн балдары ошол эле доорубуздун 40-60 жылдардагы өз курбулаштарына салыштырмалуу кескин айырмалынышат. Тигил жылдардын балдарына караганда, азыркы биздин балдарыбыздын бир жылдык өсүшү: салмак жагынан бир жарым, эки киллограммга, жарчып боюнан 7-8 сантимертге өскүлөң келише тургандыгын окумуштуулар бир добуштан далилдешип отурушат.

Акселерациянын таасири астында, алардын акыл-эс жана физиологиялык жактардан өсүп жетилиши гармониялашып барат. Мына ошонун өзү эле бүгүнкү күндүн балдарына дифференциялдуу мамилени талап кылат. Тагыраак айтканда, бирдей курактуу баскычтын балдарына бирдей даражадагы тапшырманы берип, бирдей талапты койгонубуз менен, берген натыйжалардын сапаттык даражалары ар башкача болору бештен белгилүү. Буга мектептердеги окуу-тарбия жумуштарынын тажрыйбасы деле күбө. Советтик педагогиканын көрсөтмөлөрүнө таянсак, бир класстагы 30 окуучунун ар бирине өз жөндөмүнө жана мүмкүнчүлүгүнө жараша мамиле жасоону талап кылат. Ошентип, негизинен китеп дүйнөсүнө аралашып, андан акыл азыгын талап кылган үч жашар балдардан тартып, он алты жашар балдарды төмөндөгүдөй курак баскычтарына бөлүштүрүп, балдар үчүн жазылган чыгармалар алардын талаптары менен кабыл алуу жөндөмдөрүнө жооп беришин күтсөк болот. Мектеп жашына чейинки китептин талапкерлери (3-5 жаштагы балдар); мектеп жашындагы кенже балдар (6-9); тестиерлер (10-12); кенже өспүрүмдөр (13-14); өспүрүмдөр (15-16) болуп бөлүнөт.

Бала үч жашынан тартып акыл эси торолуп, боюжашын түрөп түшөт. Ошол мезгилден баштап китепке аралашып, өзүнөн чоңдордон китеп окуп берүүнү талап кылып калат, аны барган сайын адатка айландыра баштайт.

Мектепке чейинки коомдук тарбия мекемелерине тартылган күндөн баштап, баланын керектөө-муктаждыктары бир кыйла арбыйт. Сүрөт тартууга, бир катар оюнчуктарды конструкциялоого, окуп берилген жомок-аңгемелердин сюжет мотивдери боюнча кыймылдуу оюндарды уюштурууга жетишет, жасаган оюнчуктары менен буюмдарын бөлүктөргө бөлүп, кайра жыйноо аркылуу аны ойдо башкарып талдай билүүгө да үйрөнөт. Бул курактагы баланын кыял чабыттары бир кыйла өрчүйт, чоң адамдардын жоруктарын туурап, алардын айрым элестерин кайрадан өндүрүүгө жарап, эмгек адамдардын урматтоо сезимине көнүгүп калат. Ошентип, 4 жашар балада адептүү жүрүм-турумдун белгилери бир кыйла түптөлө баштайт. Ал сезим көбүнчө көркөм чыгармаларды окуп берүү менен бекемделип калат. «Бала канчалык жаш болсо -

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



деп жазат В.Г. Белинский, аны адептүү жорук-жосундарга үйрөтүү ошончолук жеңил болот. Жакшы салттарга таянуу менен нористе баланы асыл сезимдерге, шыкка жана жакшы адаттарга окутуу эмес, көнүктүрүү үчүн көркөм чыгарма дагы каармандардын жоруктары оң таасирин берет. Анткени өзүнө жаккан каармандардын жоруктарын сөз менен сүрөттөп айтып берүү нористе үчүн «окутуу эмес, көнүгүүгө» айланып, анын сөзү образдуу-логикалуу ойлогоо өтүүнүн өткөөл шартын түзүп калат. Буга Ш. Бейшеналиевдин «Табышмакчы Чынара» аңгемесинин идеялык мотиви мисал боло алат. Төрт жашар Чынара атаэнеден үйрөнгөн жомок, табышмактарынын базасында, үй эмеректеринин, мисалы, телефон, телевизордун белгилерине салыштырып отуруп, өзүмдүк табышмактары менен жомокторун жарата баштайт. Баланын ойдон көркөм кураштыруусу – чыгармачылыгы алда канча өөрчүйт. Буга жараша анын өзүмдүк мотивдери бир кыйла такталып, эмоциясы күчөйт, ар тараптан чыйрала баштайт.

Мектеп жашындагы кенже балдарды (6-9) атаэнелер өзгөчө медер тута башташат. Чоң сүймөнчүлүк ага кайрылып; кенжетайым, баёо момунум деп, үстөккө-босток үйрүлөө түшүп мамиле жасашат. Баладагы дал ошол баёолук, карапайым момундук, айтканга көнүү, эрчимелик аны адептүү жоруктарга көнүктүрүү үчүн ыңгайлуу шарт түзүп берет. Күн санап баланын түйүшүгү күчөйт, мектеп жүктөгөн окуу милдети бир жагынан жүдөтсө, экинчиден чыйыралтып, улам жаңы-жаңы социалдык мотивдери пайда кылат.

Бул курактагы балдарга «Эне тили» «Класстан тышкаркы окуу сабактарындагы көркөм чыгармалар менен макалалар Ата Мекен сезимдердин кеңейтип, бөтөнчө таасир берет. Мисалы, Виль Липатовдун «Өзөк» аттуу чыгармасына 3-класстын окуучусу Владие «Ата Журтум» деген темада сочинение жазып, өз айылын колунан келишинче мактайт, улам эргип, тамылжып отурган бул баладан мугалим бөтөнчө үмүткөр да болот. Владик сочинениесин мындайча аяктайт «Эгерде кимде ким менин айткандарыма ишенбесе, танаписте мушташууга чыга берсин». Т. Касымбековдун «Туулган жер» деген аңгемесиндеги 3-класстын окуучусу Сатикулда да ушундай маанай бар. Айылын көптөн бери көрбөгөн бала ага сагыныч-кусасы артып, бийик тоо башынан кыштагына көз артып отурат. Эгер канат бүтө койсо, айылын арнамакка балалык көз жашы менен жооп берүүгө даяр...

Ошентип, кенже мектеп балдарынын эң алгачкы идеалдары алардын ата-энеси менен Ата Журту жана көркөм чыгарма дагы жагымдуу каармандары болуп калат. Барган сайын аларда жоопкерчилик сезим менен демилгелүүлүк артат, өз ыктыяры менен кошумча тапшырма аткаруу түйшүгү ого бетер күчөйт.

Тестиер курак (10-12) азыркы балдар үчүн өмүрдүн жаңы доору болуп эсептелет. Анткени бул курагында бала биринчи жолу балдардын өз бет алдынча уюму болгон пионер уюмуна мүчө болуп өтөт. Муну менен тестиер баягы кенже класстагы баёолугу, чоңдорго көз каранды (берсең жеймин, айтсаң көнөм) маанайы менен биротоло коштошот. Т. Сыдыкбековдун «Тоо балдарындагы» жашы эми гана он бирге караган тирмекей Динардын жоруктары буга ачык мисал болот. Пионерге өтүп, жагоо байланып, келген күнү «жүгөрү кабына батпай тепкилеп» чоң энесин демитип кирет эшиктен. Же чоң эне аны байкаса эмне? Руханий дүйнөлөрү жактан айырмалуу турушкан бул эки муундун өкүлдөрүнүн ортосунда окурман баланын акыл эсине сабак болорлук конфликт өсүп чыга келет. Баланын азыркы сүйүнүчүн баамдай албаган чоң эне өзүн-өзү жемелейт. Динар болсо, «өмүрдүн жаңы белесине чыккандай» көңүлү ашат. Жаны тынбай жаңылык издеп, көзү ойноктойт. Анын жоругунан кайсы гана жумушта болбосун эрктүүлүк, демилгелүүлүк өсүп чыгат деп ишенсе болот. Мына ошол сапаттары тестиер баладагы аздыр-көптүр өз бет алдынчалуулук касиетин кошо өндүрүп чыгарат. Мисалы, Динар курактуулар Октябряттардын жылдызчалары менен пионер звенолоруна жетекчелик кылып, алардын күндөлүк иш формаларын ар тараптуу уюштуруп турган болушат.

Демек, бул курактагы балдарда биринчи жолу өзүнчө өзү баа берүү, чөйрөдөгү балдардын жоруктарын жосунуна сын көз менен мамиле кылуу, ошону менен катар, балдар коллективинин, пионер отрядынын эрежелери менен талаптарына баш ийүү, иши кылып, өз алдынчылык тестиер баланын тутунган уставы болуп калат. Ошол устав Динардын сезимине бүлүк салды, аны көкөлөтүп, демине дем кошту, өсүү закону аны кезектеги баскычка алып чыга баштады. Адамдар бул курактагы баланын тестиерим бар, кол арага жарап, жеңилимди жерден, оор буюмду колдон алып, карегим медет болуп, кээде менин намысыма тие качып, жалындуу өсүп келатат, өмүр берсин балага деп, анын келечегинен күдөр үзпөйт.

Ошентип, тестиер бала кыялкечтик, тополондуу жоруктардын кезектеги тилкесине кирет. Бул учурун ата-эне өзгөчө жактырып, балалык пейилдин өрчүгөн учуру татары баалап, кежир-көктүктүн тогошкон мезгили, баланын мүчөлү (13-14) келди, ал опурталдуулук тилкеге эми кирди, арка-алдыңа тал байлап, назар салып, эми байкап, эми көзөмөл тута турган учур келди деп, кенже өспүрүм балдардын жоруктарына туура баллдарын берип келишкен.

Бул учур бала үчүн өткөөл доор, ал өзүн-өзү түзөп, кол арага жарап, чөйрөсүндөгү оң менен терс көрүнүштүн бардыгын боло бере турган көнүмүш катары эсептеп, анчейин алоолонгон тилкеге кадам кой-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



гон учур-кенже өспүрүм же өткөөл мезгил деп эсептелет. Баланын пейилиндеги ушул касиеттерди Н.К. Крупская орундуу мүнөздөп келип балалык, жарым жетилгендик деп атаган. Демек кенже өспүрүмдөр сөөккө сиңип келаткан баёолукту, даяр тамак менен камкордукка болгон көнүмүштү, ата-эне менен чоңдорго таянуу жөрөлгөсүн, бейкапарлыктын баары тең жерип, чоң адамдардагы сарамжалдуулук менен токтоолукту күсөп калат. Ошондуктан кенже өспүрүм курак чоңдор тарабынан болгон камкордук менен өзгөчө көзөмөлдөөнү талап кылып калат.

Бул курак үчүн жамандык менен жакшылыктын ортосу бир эле адам тургандай сезилиши ыктымал, аны окумуштуу психолог да белгилейт. Бирок алар баладагы биологиялык жактан жетилүү биринчи орунга чыгат, жыныстык жактан дүркүрөп өсөт, социалдык факттар сырткы гана көрүнүш болуп калат деп туура эмес белгилишет.

Ал эми биз үчүн социалдык чөйрө таасирдүү фактор катары биринчи орунда турат. Ал баладагы мамиле-катнаштын, ишенимдин типтүү көрүнүшүнө айланып, анын жорук-жосуну менен күндөлүк муктаждыгынан арийне чагылып турат, кенже өспүрүм каада-салты менен көз карашын эми өз алдынча кураштыра баштайт. Мисалы, күн санап мектептин окуу программасы татаалданат, тапшырма-милдет күчөйт, кагылып-согулуулар да арбый түшөт. Ошол процесстен улам, бул курактагы балада таарынуу, жалпыга айтылса деле сөздү өзүнө ала берүү, ачуулануу, кейикчилдик, басынуу, ал тургай курчтукка жеңдүүрү маанайлары деле кошо пайда боло берет. Ш.Бейшеналиевдин «Чыныгы достук» деген педагогикалык темадагы повести бар. Башкы карманы 13-14 жаштагы кенже өспүрүм Наамат деген бала. Согуш кесепетинен улам, ал атадан эрте ажырап, нары оорукчан болуп, ооруканадан башы көтөрүлбөй, кежерлик чырмай баштайт. Сабактан жардам алсам, кийин коркок билиш кылып алгылары бар мени деп кежирленет өз, жолдошторунан корунуп.

Бирок Наамат ошол бойдон ындыны өчүп, көңүлү чөгүп жүдөбөйт, тескерисинче, кылоолонот, өрчүйт, курчуп жетиле баштайт. Балада чөйрө менен мамиле жасоонун өзүнчө өлчөмдөрү, сактык, зиректик пайда боло баштайт. Жолдоштору менен өзүнчө, чоңдор менен өзүнчө мамиле-нормативдерин иштеп чыгат. Тагыраак айтканда, чоңдордун «кысымы» кенже өспүрүмдөрү өз бет алдынча ишеничке үйрөтөт, мүнөздөн жаны белгилеринин өсүп чыгышына мажбурлайт дейт көрүнүктүү психолог Д.И. Фельтштейн «Кенже өспүрүмдөрдү тарбиялоонун психологиясы» (1978) деген эмгегинде.

**Адабияттар:**


1. Алимбеков А. Кыргызстандын билим берүү системасы жана анын прблемалары. / А.Алимбеков, А. Ары - Б.: КТУ «Манас», 2007. - 74-б.
2. Алымов Б., Кыргыз совет адабиятын окутуунун айрым маселелери. – Ф: Мектеп, 1972. - 145-б.
3. Асипова Н.А. Билим философиясы жана тарыхы. / Окуу куралы. - Б., 2010. - 84-б.
4. Байгазиев С.О. Гумандуу педагогика жөнүндө сөз. - Б.: Алтын тамга, 1998. - 117-б.
5. Батаканова С.Т. Окуучуларды тарбиялоодо көркөм чыгармаларды үйрөтүүнүн ролу. / КАУнун жарчысы: №2(6). – Б.: КАУ, 2006. – 206-б.
6. Иптаров С.И. Кыргыздын кымбат мурасы – мектеп. – Б.: Шоокум, 2009. - №9. – 87-б.
7. Маатазимова Г.Э. История изучения проблемы обучения кыргызской детской литературы в начальных классах. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2019. №. 3. С. 65-68.